## Улуттук банктын ноталары

*(2018-жылдын март айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан 13,7 млрд сом суммасында (ай ичинде +11,4 пайыз) ноталар сунушталган. Аталган банктын ноталарына суроо-талаптын жалпы көлөмү 11,9 млрд сомду түзүү менен ай ичинде 10,8 пайызга төмөндөгөн. Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 10,8 пайызга төмөндөө менен 3,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын алкагында, байкоого алынып жаткан мезгил ичинде ноталардын сатуу көлөмү 7, 28 жана 91 күндүк ноталар менен сунушталган, жайгаштыруунун жалпы суммасы 10,5 млрд сомду (ай ичинде -4,3 пайыз) түзгөн. Ошол эле мезгилде сатуунун орточо аукциондук көлөмү 2,6 млрд сомду түзүү менен 4,3 пайызга төмөндөгөн.

Март айынын акырында Улуттук банктын ноталарынын жалпы портфелинин концентрацияланууу индекси 0,21 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто беш негизги инвестордун катышкандыгына дал келет.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 2,7 пайыз деңгээлинде (-0,1 п.п.) белгиленген. Алсак, аталган банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 1,9 пайызды (+0,2 п.п.), 28 күндүк – 3,9 пайызды (-0,3 п.п.) жана 91 күндүк – 5,0 пайызды (+0,06 п.п.) түзгөн. Мөөнөттүүлүгү боюнча ноталардын кирешелүүлүгү эсептик чендин чегинде турган. Пайыздык чендин чеги өзгөрүүсүз калган: пайыздык чендин жогорку чеги (“овернайт” кредиттери боюнча чен) 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөнкү чек (“овернайт” депозиттери боюнча чен) - 0,25 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Байкоого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгында жүгүртүүдө ноталар көлөмү жыл башынан тартып 78,5 пайызга көбөйүү менен 9,3 млрд сомду түзгөн. 99,99 пайыз үлүшү менен коммерциялык банктар жана 0,01 пайыз үлүшү менен юридикалык жактар-резиденттер Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлик кылуучуларынан болуп саналган.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2017 | 6 290,5 | 6 279,1 | 99,8% | 11,4 | 0,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2017 | 5 281,0 | 5 265,6 | 99,7% | 15,4 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2017 | 3 748,3 | 3 727,1 | 99,4% | 21,2 | 0,6% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2018 | 5 230,0 | 5 108,2 | 97,7% | 4,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 117,8 | 2,3% |
| 01.02.2018 | 6 587,0 | 6 587,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2018 | 8 624,5 | 8 474,0 | 98,3% | 0,5 | 0,01% | 0,0 | 0,0% | 150,0 | 1,7% |
| 01.04.2018 | 9 335,5 | 9 335,0 | 99,99% | 0,5 | 0,01% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |